Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин магистратурасынын кезектеги жыйыны

№1 ПРОТОКОЛУнан көчүрмө

Ош шаары

29.08.2023.

Катышуучулар: Магистратуранын программа жетекчилери, окутуучулар, жумуш берүүчүлөр, ата-энелер, магистранттар.

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:
1.”НББПны талкуулоо, күтүлүүчү натыйжаларды карап чыгуу жана билим берүү программасына керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү“ боюнча талкуу уюштуруу жана анын жыйынтыктарын факультеттин окумуштуулар кенешине сунуштоо.
2. Стейкхолдерлердин сунуштарынын негизинде окуу планга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

1. Бул маселе боюнча факультеттин деканы, филология илимдеринин кандидаты, доцент Р.Ж. Сагындыкова сөз сүйлөдү. Ал өз кебинде магистратуранын программасына коюлган талаптар менен милдеттенмелерди айтып өттү. Андан тышкары факультеттин окутуучулар жамаатынын бул боюнча жүргүзүп жаткан иштери тууралуу да кеп кылды. НББПнын максаты, Күтүлүүчү натыйжалардын аткарылышы жана анын компетенциялары тууралуу баяндап өттү. Факультеттеги 2 багыт боюнча (53100 “Филология”, 550300 “Филологиялык билим берүү”) НББПлардын кайрадан каралып чыккандыгын эскертип, аны талкуулап, билим берүү программаларына керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу сунуштарды айтууга боло тургандыгын эскертти.
2. Жарыш сөздөр: Ош шаарынын №17 орто мектебинин завучу Эркайым Жумаева факультеттин магистранттары ушул мектепте 5-6 жылдан бери ийгиликтүү иштеп келе жатканын айтып өттү. Ал өз сөзүндө НББПнын Күтүлүүчү натыйжалары жеткиликтүү деңгээлдеги кадрларды даярдоого салым кошуп атканын белгилеп, факультеттин жамаатына ийгилик каалады. Сунуш катары илимий диссертациялар мектептеги реалдуу маселелерге байланыштуу жүргүзүлсө жакшы болмок деген оюн билдирди.

№18 мектептен келген окутуучу С.Жапарова Филология багытынын бүтүрүүчүсү экендигин айтып, окутуучуларга ыраазычылыгын билдирди. “Билим берүүдөгү лидерлик” багытындагы предметтерди киргизүү сунушун айтты..

Доцент Калыгулова С.Ш. магистратуранын РОлору НББПнын талаптарына жооп бере турганын айтып, анын заман талабына ылайык келгендигин айтып, окумуштуулар кецешине сунуштаарын билдирди.

Р. Сагындыкова: жогорку берилген маалыматты жана айтылган сунушка добуш берип койсок. Кенешменин катышуучулары бир добуштан макулдугун беришти.
Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, кезектеги кенешинин жыйыны

Токтом кылат:

1. Программа жетекчилери сунуштаган НББПларды факультетгин окумуштуулар кецешине талкууга жана бекитүүгө сунушталсын

2. Иш берүүчүлөрдүн пикирлери эске алынсын.

Кенешменин төрайымы, Сагындыкова Р.Ж.

Кенешменин катчысы: Абдурахманова Х.